Колледжде КРнын Президентинин “Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик” уңгужолу идеологиялык программасын (2024-жылдын 18-декабрындагы ПЖ № 369 Жарлыгы), КРнын Президентинин 2022-жылдын 30-августундагы ПЖ №303 Жарлыгы менен бекитилген “2022-2027-жылдарга улуттук наркты сактоо жана өнүктүрүү жөнүндө” улуттук программасын иш жүзүнө ашырууга, КРда Кыргыз тилинин мамлекеттик макамга ээ болгондугунун 36 жылдыгына, Тоо-кен технологиялык колледжинде мамлекеттик тилди колдонууну жогорулатуу жана өркүндөтүү жана колледждин негизделгендигинин 5 жылдыгына карата ишке ашырылуучу иштердин планын иштеп чыкты.

Иш планда көрсөтүлгөн “Карыларга камкордук” аталышындагы иш чараларды уюштурууда (студенттер жана демилгечилер тобу) Тоо-кен технологиялык колледжи:

- Каада-салт, нарк-насилдин таасиринде жаш муундарды адамгерчиликке, боорукерликке, мекенчилдикке, гумандуулукка, жаратылышты сүйүүгө, коргоого тарбиялоо максатын көздөйт.

Колледждин студенттери “Карыларга камкордук” иш чарасында Бишкек шаарындагы Бишкек шаарынын мэриясынын социалдык өнүктүрүү департаментинин “Үмүт үйү” деп аталган улгайган жана майыптыгы бар жарандар үчүн социалдык стационардык мекемесине барышты. Студенттерди “Үмүт үйүнүн” директорунун орун басары Жанкойлиева Бактыгуль Токоновна жылуу маанайда кабыл алды.

Карылар үйүнө баруу менен студенттердин жүрөгүнө бир азда болсо боорукерликти, сезимталдыкты, ата-энеге болгон урмат- сыйды калыптандыра алсак, максатыбызга жете алдык деп эсептейбиз.





















